**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин
“25” ноябрь 2020-ж.
№4 протоколу менен
**КАБЫЛ АЛЫНДЫ**

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Ректорунун милдетин аткаруучу
Р.М.Султаналиева
“_____” декабрь 2020-ж.
___________________________________

# И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн ПРОГРАММАСЫ

**БИШКЕК – 2020**

# КИРИШҮҮ

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Программасы Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына, 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруунун алкагында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрында “Кыргыз Республикасында 2020-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын бекитүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык иштелип чыкты.

2018-2040-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында мамлекеттик тилди билим берүүнүн негизги тилине айландыруу зарылдыгы жана мамлекеттик тилди социалдык-коммуникациялык чөйрөдө жайылтуу, мамлекеттик тилдин бириктирүүчү ролун күчөтүү жана көп тилдүүлүктү өнүктүрүү Кыргызстандын элинин биримдигинин негизи болуп эсептелет. Ошону менен бирге КМТУда мамлекеттик тилди билүү ар бир окутуучунун, кызматкердин жана студенттин милдети болууга, анын коомдук турмушка активдүү катышуусун жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн аныктаган мотивация болууга тийиш.

Бул Программаны ишке ашыруу боюнча практикалык натыйжаларга жетишүү үчүн КМТУнун бардык түзүмдөрүнүн иш-аракеттерин күчөтүү зарыл.

## I. Университетте тил саясатынын учурдагы абалын баалоо

Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары дагы бекемдеп, өнүктүрүү үчүн негизги тиешелүү милдеттерди ишке ашыруу зарылдыгы университетте актуалдуу маселе болуп саналат. Университетте мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн концептуалдык негиздерин түзүү менен жыйынтыктуу башкаруу системасын колдонуу аркылуу ишмердүүлүктүн тиешелүү багыттары боюнча иш-аракеттер жүргүзүлүп жатат. Университеттин бардык түзүмдөрүндө мамлекеттик тил маселелери боюнча ректордун буйругунун негизинде атайын жооптуу кызматкерлер дайындалып, алардын иш регламенттери бекитилген.

Университетте иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү иштери маанилүү зарылчылык шарты менен каралууда. Акыркы учурда түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү боюнча бир топ иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Жалпы университет боюнча түзүмдөрдө азыркы учурда иш кагаздарынын дээрдик көпчүлүгү мамлекеттик тилде жүргүзүлсө, чогулуштар, жыйындар, тегерек столдор, семинарлар негизинен мамлекеттик тилде өткөрүлүүдө.

Кийинки учурда окуу процессин методикалык жактан камсыз кылуу максатында мамлекеттик тилде эмгектерди басмадан чыгарууга көп көңүл бурулуп, КР ББжИМ тарабынан каржыланган 20 автордун китеби сунушталып, сынактан өттү.

Окуу процессинде маалымат технологияларын колдонуу жана программалык иштелмелерди даярдоо боюнча университеттин тиешелүү түзүмдөрүнө ректордун буйруктары менен тапшырма берилген. Бирок бул маселе бүгүнкү күндө жыйынтыксыз калып жатат.

Университеттин китепканасы кыргыз тилиндеги окуу куралдары менен 330 аталыштагы 4410 даана китептер менен камсыз болду.

Мамлекеттик тилде окуу-өндүрүштүк, кесиптик жаатында иш кагаздарын жүргүзүүдө колдонууга керектүү окуу-усулдук, түшүндүрмөлүк ж.б. максатта методикалык колдонмолордун, китептердин жана сөздүктөрдүн ж.б. электрондук булактары чогултулуп, колдонууга даярдыктар жүргүзүлүүдө.

Университетте Мамлекеттик тил бөлүмүнүн астында «Тил times» гезити жылына 2 жолу кыргыз тилинде жарыкка чыгып жатат. Гезиттин электрондук варианты университеттин сайтына жайгаштырылып турат. Өткөрүлгөн иш-чаралар убагында маалымат каражаттарына, университеттин, мамлекеттик тил комиссиясынын сайтына, "Кут билим", "Кыргыз тили" жана «Тил times» гезиттерине жайгаштырылып турат.

Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасынын аткарылышын камсыз кылуу максатында, кафедралар тарабынан отчеттор берилип, жыйынтыгы Окумуштуулар кеңешинде чыгарылып турат. Берилген отчеттордун негизинде университет боюнча төмөндөгүдөй *жетишкендиктерди* белгилөөгө болот:

- университетте мамлекеттик тилге арналган иш-чаралардын маңызы жана формасы сапаттык жана жыйынтык критерийлерин эске алуу менен өткөрүү;
- жыйындардын, чогулуштардын, массалык, маданий, маалыматтык иш-чаралардын негизинен мамлекеттик тилде өтүшү;
- окуу процессинде колдонууга тиешелүү окуу китептерин, окуу куралдарын, методикалык иштелмелерди даярдап чыгаруу бир топ өстү;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү жаатында тиешелүү документтик башкаруу системасы түзүлүп, уюштуруучулук иш-чаралар жүргүзүлүүдө;
- иште жана иш кагаздарында колдонуу үчүн мамлекеттик тилде которулган сөздөрдүн, сөздүктөрдүн, терминдердин, атоолордун, түшүнүктөрдүн маалыматтык базасы түзүлүп, колдонулушу;

Ошону менен биргеликте төмөнкү багыттар боюнча көйгөйлөрдү эске алуу жана *иштерди күчөтүү зарылдыгы турат:*

- окуу процессин жүргүзүүгө мамлекеттик тилдеги окуу китептеринин жетишсиздиги;
- окуу-методикалык комплекстеринин, жумушчу программаларынын мамлекеттик тилде даярдалгандарынын санынын аздыгы;

- кээ бир түзүмдөрдүн мамлекеттик тил боюнча аткарылган иштердин отчету өз убагында тапшырылбай жаткандыгы;

- мыйзамдык жана локалдык ченемдик талаптарга карабай окуу түзүмдөрүндө адистиктер боюнча жетиштүү сандагы кыргыз тайпаларынын ачылбай жаткандыгы;

- кыргыз тилинде окутулган сабактардын санынын аздыгы;

- окуу процессинде маалымат технологияларын колдонуу жана өздөштүрүү боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу боюнча тиешелүү түзүмдөр тарабынан иштер натыйжасыз болууда;

- кээ бир түзүмдүк бөлүмдөрдө иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү жетишсиз абалда.

Алдыда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча жогоруда көрсөтүлгөн багыттар боюнча бир топ иштерди аткаруу милдети турат. Мыйзамдык жана ченемдик талаптарды аткаруу шартында мамлекеттик тил университеттин бардык ишмердүүлүгүндө толук кандуу колдонулуп, документтик башкаруу системасында тиешелүү иш кагаздары менен коштолушу керек.

Окуу процессинде мамлекеттик тилди кеңири колдонуу, натыйжалуу технологияларды, инновациялык методдорду жана формаларды киргизүү, видеосабактардын базасын түзүү, профессордук-окутуучулук курамдын мамлекеттик тилде окутуу активдүүлүгүн жогорулатуу механизмдерин ишке киргизүү талаптары негиздүү болуп саналат.

## II.Программанын максаты

Мамлекеттик тилди КМТУда жайылтуу үчүн жогоруда аталган кемчиликтерди эске алып, программа төмөнкү маселелерди иш жүзүнө ашыруу максатын көздөйт:

- КМТУнун Окумуштуулар кеңешинде кабыл алынган 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн программасында белгиленген иш-чаралардын аткарылышын тиешелүү жетекчилер, аткаруучулар камсыз кылуусу милдеттендирүү;
- университеттин түзүмдөрүндө окуу процессин кыргыз тилинде жүргүзүү максатында окуу-методикалык, кадрдык, документтик камсыздоо, окуу технологиялар,

методдор, программалык продукттарды иштеп чыгуу максатында атайын иш пландар түзүлүп, аларды ишке ашыруу;

- КМТУда кыргыз тилинде окула турган сабактарды көбөйтүү жана толук циклде окуй турган тайпаларды ачууга окуу түзүмдөрүндө алдын-ала даярдык көрүү боюнча координациялоону, тиешелүү иш-чараларды иштеп чыгуу;
- түзүмдөрдүн жетекчилеринин мамлекеттик тилдин ишмердүүлүктүн багыттарында жүргүзүлүшү жана колдонулушу боюнча жоопкерчилиги күчөтүү;
- кыргыз тилинде заманбап методика жана жаңы техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу окутуу максатында тиешелүү маалыматтык жана мультимедиялык программаларды иштеп чыгууну камсыз кылуу.

## III.Программаны иш жүзүнө ашыруудагы багыттар боюнча милдеттер

### 3.1. Ченемдик шарттарды аткаруу жана мамлекеттик тилдин ишмердүүлүгүн башкарууну уюштуруу

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил Мыйзамын ишке ашыруу жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча мыйзамдык, укуктук-ченемдик документтерди, регламенттик көрсөтмөлөрдү топтоо жана тиешелүү кызматкерлерге тааныштыруу.

КРнын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын календарлык иш планы менен таанышуу жана аны университетте аткарууга иш-чараларды көрүү.

Мамлекеттик тил боюнча керектүү ченемдик документтерди (буйруктар, токтомдор, жоболор, көрсөтмөлөр ж.б.) даярдоо жана ишке ашыруу.

Университетте мамлекеттик тил боюнча өтүлө турган календарлык иш-чаралардын чыгашаларын аныктоо, жалпы сметасын түзүү жана бекитүү

Мамлекеттик тилди кеңири колдонуу максатында ар түрдүү маалымат материалдарды, көргөзмө баяндамаларды даярдоо, конференция, семинарларды, тегерек столдорду жана конкурстарды өткөрүү.

### 3.2. Окуу иштери

КМТУнун бардык структураларында окутуучу-профессорлор жана студенттер арасында Мамлекеттик тилди үгүттөө, пропагандалоо иштерин активдүү уюштуруу.

Мамлекеттик тилде базалык атайын адабияттарды, окуу куралдарын, усулдук көрсөтмөлөрдү которууну уюштуруу жана аларды конкурстук негизде чыгаруу. Окутуу процессинде колдонуу үчүн тандоо максатында бардык окуу дисциплиналары боюнча

окуу китептеринин жана окуу куралдарынын кыргыз тилинде чыгарылышын колдоо. Терминологиялык комиссиянын курамын кайра кароо, ишин жандандыруу.

Кыргыз тилинде сабак өткөн мыкты лекторлор үчүн кошумча каржылык кызыктыруу жана сыйлоонун башка түрлөрүн колдонуу системасын киргизүү. Кыргыз тилинде окутуп-үйрөтүүнүн жаңы усулдук ыкмаларын өздөштүрүү, иштеп чыгуу жана аларды колдонуу.

Керектүү багыттар, адистиктер боюнча окутууга кыргыз топторун ачууну улантуу.

Кыргыз тилинде окутула турган адистиктер боюнча окуу пландарын толук кыргыз тилине которуу. Адистиктер боюнча кыргыз тилинде басылып чыккан окуу куралдарына, окуу китептерине, усулдук эмгектерге жана окуу-усулдук комплекстерге (ОУК), видеосабактарга конкурс өткөрүү.

### 3.3. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү

КМТУнун Кеңсесинде, Кадрлар бөлүмүндө, окуу башкармалыгында, институт деканат, кафедраларда ж.б. тиешелүү бөлүмдөрдө иш кагаздарын кыргыз тилинде жүргүзүүгө иш-аракеттерди көрүү.

Университетте бардык деңгээлдеги (ректорат, институттар, факультеттер. кафедралар ж.б.) жыйындардын, чогулуштардын, конкурстук комиссиянын протоколдорун мамлекеттик тилде жазууга толук өткөрүү.

КМТУнун Уставын, институттардын, факультеттердин ж.б. түзүмдөрдүн Жоболорун кыргыз тилинде жазуу жана которуу.

Иш кагаздарынын мамлекеттик тилдеги уюштурулушун камсыз кылган колдонмолорду, типтүү нускаларды даярдоо, ишмердүүлүккө колдонуу.

### 3.4. КМТУда илимий иштерди, инновациялык технологияларды өнүктүрүүдө кыргыз тилин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү боюнча иш-чаралар:

КМТУнун түзүмдөрүндө өздөрүнө тиешелүү адистикти мамлекеттик тилде окутуу маселесине байланыштуу илимий-изилдөө иштерин активдүү жүргүзүү. Илимий конференциялардын, симпозиумдардын, семинарлардын кыргыз тилинде өткөрүлүшүнө активдүү иш-аракеттерди көрүү.

Окуу жайдагы жаш изилдөөчүлөрдүн, аспиранттардын мамлекеттик тилде илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүсүн колго алуу. Диссертациялардын, авторефераттардын, илимий монографиялардын мамлекеттик тилде жактоого колдоо көрсөтүү, көмөктөшүү жана мамлекеттик тилде илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө акчалай каражат менен сыйлоо маселесин чечүү.

Башка тилде чыгарылган илимий баяндамаларга, окуу китептерине, монографиялык жана усулдук эмгектерге ж.б. илимий иштерге кыргыз тилинде аннотация жазуу талабын киргизүү.

Илимий терминдерди, түшүнүктөрдү колдонууну жөнгө салуу, белгиленген тартипте аларды стандартташтыруу жана унификациялоо боюнча техникалык билимдин ар түрдүү тармактарынын адистеринен жана лингвисттерден турган терминологиялык комиссия менен бирдиктүү иш алып барууну улантуу.

КМТУнун АВН порталында мамлекеттик тилдеги илимий адабияттардын фондун түзүү. Техникалык билимдин ар түрдүү тармактары боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө мамлекеттик тилди кеңири колдонуу.

## 3.5. КМТУда кадрлардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин жакшыртуу иш-чаралары

КМТУнун бардык институттарында, факультеттеринде жаңы түзүмдүк бөлүктөрүндө башка улуттагы окутуучулар менен кызматкерлерге мамлекеттик тилди тиешелүү деңгээлде үйрөтүү боюнча курстарды өтүү.

Тиешелүү профессордук-окутуучулар курамына, окутуучу-көмөкчү курамына жана кызматкерлерге мезгили менен кыргыз тилин билүү деңгээлин билип туруу үчүн жат жазуу акцияларын, тест-сынак өткөрүп туруу.

КМТУга жаңы кадрларды алууда аларга мамлекеттик тилди тиешелүү деңгээлде билүү талабын шарт катары киргизүү.

Университетте иш-кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү үчүн керектүү колдонмолорду даярдоо жана чыгаруу.

Мамлекеттик тилдеги тиешелүү иш- кагаздарынын типтүү нускаларын даярдоо жана колдонуу.

## 3.6. Мамлекеттик тилди санариптештирүү

Мамлекеттик тилде сабак өтүүгө багытталган мультимедиялык, компьютердик программаларды иштеп чыгуу. Электрондук усулдук каражаттардын жана видеоматериалдардын электрондук базасын түзүү. Мамлекеттик тилди маалымат технологияларынын тилине айлантуу.

## 3.7 Студенттерге тарбия берүүдө, жаштар саясатын жүргүзүүдө жана маданий-массалык иштерди өткөрүүдө кыргыз тилинин ролун көтөрүү боюнча иш-чаралар

Кыргыз элинин каада-салттары, маданияты, тили, адептүүлүк, ыйман ж.б. тууралуу студенттерге кураторлук сааттардын көбүрөөк өткөрүлүшүнө жетишүү.

КМТУда өтүлүүчү салтанаттуу кечелерди, майрамдык иш-чараларды (Нооруз, Жаңы-Жыл, 8-март ж.б.), студенттик фестиваль-сынактарды ж.б. кыргыз тилинде өтүшүнө көмөктөшүү. Студенттердин арасында кыргыз тилине байланыштуу ар кандай сынак-конкурстарды, дилбаяндарды өткөрүүгө көмөктөшүү.

## IV.Күтүлгөн натыйжалар

2025-жылдан баштап университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик тилди билүү деңгээли жогорку деңгээлге туура келиши;

- студенттердин кесиптик билимди мамлекеттик тилде алууга кепилдигин камсыз кылуу;
- расмий жана башка тилдерде билим берүү менен катар эле мамлекеттик тилде кесиптик билим берүү системасын калыптандыруу;
- билимдин атайын чөйрөлөрүндө активдүү колдонуу үчүн кыргыз тилинин илимий-билим берүүчүлүк стилин калыптандыруу;
- көп тилди билген жана атаандаштыкка жөндөмдүү адистердин жаңы муунун өстүрүү;
- иш кагаздарынын мамлекеттик жана расмий тилдерде жүргүзүлүшү;
- Мамлекеттик тилде жарык көргөн окуу китептеринин, окуу куралдарынын электрондук базасын толук бүтүрүү күтүлөт;
- Мамлекеттик тил маселеси боюнча илимий-изилдөө иштерин активдештирүү ж.б.у.с. натыйжалар күтүлөт.

## V. Программаны ишке ашыруу механизми

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Программаны ишке ашыруу жыл сайын белгиленүүчү иш-чаралардын планын аткарылышы аркылуу ишке ашырылууга тийиш. КМТУнун бардык түзүмдөрү жыл сайын мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча иш-чараларды, пландарды иштеп чыгууга милдеттүү жана пландарды мамлекеттик тил боюнча проректор бекитет. Иш-чаралардын аткарылышы факультеттердин, институттардын директорлоруна, түзүмдөрдүн жетекчилерине милдеттендирилет. Координациялоо жана көзөмөлдөө иши КМТУнун Өнүгүү жана мамлекеттик тил боюнча проректоруна, мамлекеттик тил бөлүмүнө жүктөлөт.

## VI. Программаны каржылык жактан колдоо

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Программаны каржылык жактан колдоо университеттин эсебинен, демөөрчүлөрдүн ж.б. каржылык булактардын эсебинен жүргүзүлөт.